**КЫРГЫЗСТАН СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯЛЫК ПАРТИЯСЫ**
**СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЧЕСКАЯ ПАРТИЯ КЫРГЫЗСТАНА**

СДПК

Кыргыз Республикасы, 720082, Бишкек ш. Шабдан Баатыр көч. 4-б
Кыргызская Республика, 720082, г. Бишкек, ул. Шабдан Баатыра, 4-б
Тел.: +996 312 533-323, 533-301, факс: +996 312 530 001, www.sdpk.kg


Чыгыш/исх. № 26
"24" май 2017ж.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
төрайымы
**Н.К. Шайлдабековага**

Жалал-Абад шаардык кеңешине Өнүгүү-Прогресс саясий партиясынан Исманов Талант Касымович тизмеде 65-катар номеринде талапкер болуп катталган. Бирок биометриялык маалыматка ылайык талапкер Бишкек шаарынын Москва көчөсүнүн №101 дарегинде катталган.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 3-беренесинин 4-бөлүмүнө ылайык 21 жаш куракка толгон, **тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөсү** жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайланууга укуктуу.

Өнүгүү-Прогресс саясий партиясы Жалал-Абад шаардык кеңешине талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясына мыйзамда көрсөтүлгөн документтердин тизмесин тапшырган. Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясы Өнүгүү-Прогресс партиясынын кандидаттарын каттоо учурунда Исманов Талант Касымовичтин **өздүгүн тастыктоочу-паспорту тапшырылыбагандыгына карабастан,** талапкер катарында каттап, массалык маалымат каражаттарына жарыялаган.

Бул маалымат такталгандан кийин биз 2017-жылдын 24-май күнү аймактык шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылганбыз. Бирок арыз тапшырылгандан кийин жообуна барсак, аймактык шайлоо комиссиясы Өнүгүү-Прогресс саясий партиясы арызда көрсөтүлгөн талапкер тизмеден чыгарылгандыгына эки күн болду деп ооз эки маалымат берди. Бирок жогорудагы талапкерди тизмеден чыгаруу боюнча партиядан кат 2017-жылдын 18-май күнү менен чыгыш маалыматтары жок берилген. Аймактык шайлоо комиссиясынын келип түшкөн арыз, каттарды каттоочу журналын көрсөтө алган жок. Каттоо журналын сурасак, бизде ачылган эмес деп жооп берди.

Биздин оюубузча жогорудагы айтылган каты Өнүгүү-Прогресс саясий партиясы тарабынан биздин арызыбыз аймактык шайлоо комиссиясына түшкөндөн кийин арткы дата менен тапшырылган.

Жогорудагылардын негизинде Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясынын төрайымынын аракеттерине баа берүүңүздү суранабыз.


КР Борбордук шайлоо комиссиясы
Центризбирком КР
Кириш / Входящий № 01-14/743
"25" 05 2017 ж.


Ыйгарым укуктуу өкүл [signature] Эрназаров Ж.Н.